**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИК**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_________________________№______ Бишкек ш.
г. Бишкек

## Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу программаларын ишке ашыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 "Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. 2024-2025-окуу жылынан баштап ведомстволук таандыгына карабастан (аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдардын билим берүү уюмдарын кошпогондо) башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- билим берүү уюмунун локалдуу ченемдик документтерин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы № 383 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарында жумуш ордунда окутуу жөнүндө" жобого ылайык келтиришсин;
- конкреттүү адистик/багыт боюнча жумуш ордунда окутуу формаларын аныкташсын;
- конкреттүү адистик/багыт боюнча окуу пландарына/билим берүү программаларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизишсин;
- жумуш ордунда окутуунун тиешелүү формасын уюштуруу жөнүндө иш берүүчүлөр менен келишимдерди түзүшсүн;
- иш берүүчү менен бирргеликте жумуш ордунда окутуу программасын, адистик/багыт боюнча жумушчу окуу планын, окуу процессинин жылдык календардык графигин, билим берүү процессин камсыз кылуу боюнча иш-чаралар планын жана жогоруда аталган Жободо каралган башка документтерди иштеп чыгышсын жана бекитишсин;
- педагогикалык багыттар/адистиктер боюнча окуучуларга ээ болуучу багыт/адистиги боюнча окууну жана эмгек ишин айкалыштырууга, ошондой эле эгерде алар жүзөгө ашырып жаткан кесиптик иш дуалдык окутуунун билим берүү программасынын талаптарына ылайык келсе, иштеген жери боюнча дуалдык окуудан өтүүгө укук беришсин.

2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Абазбек уулу Расулга жүктөлсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**О реализации программ обучения на рабочем месте в образовательных организациях начального, среднего и высшего профессионального образования Кыргызской Республики**

В целях исполнения постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Положения об обучении на рабочем месте в образовательных организациях профессионального образования Кыргызской Республики» от 12 июля 2024 года № 383 **приказываю**:

1. Руководителям образовательных организаций начального, среднего и высшего профессионального образования, независимо от ведомственной принадлежности (за исключением образовательных организаций государственных органов, в которых предусмотрена военная служба), начиная с 2024-2025 учебного года:

- привести в соответствие локальные нормативные документы образовательной организации в соответствие с «Положением об обучении на рабочем месте в образовательных организациях профессионального образования Кыргызской Республики», утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 12 июля 2024 года № 383;
- определить формы проведения обучения на рабочем месте по конкретной специальности/направлению;
- внести соответствующие изменения в учебные планы/образовательные программы по конкретной специальности/направлению;
- заключить договоры с работодателями об организации соответствующей формы обучения на рабочем месте;
- совместно с работодателем разработать и утвердить программу обучения на рабочем месте, рабочий учебный план по специальности/направлению, годовой календарный график учебного процесса, план мероприятий по обеспечению образовательного процесса и другие документы, предусмотренные вышеуказанным Положением;
- обучающимся по педагогическим направлениям/специальностям предоставить право совмещать обучение и трудовую деятельность по получаемому(ой) направлению/специальности, а также проходить дуальное обучение по месту трудовой деятельности в случаях, если профессиональная деятельность, осуществляемая ими, соответствует требованиям образовательной программы дуального обучения.

2. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Абазбек уулу Расула.

**Министр** **Д.Ш.Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш., 13.09.2024

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш., 13.09.2024